30.08.2018-ж
№1 пед.кеңешменин
чечими м-н кабыл алынды

"Бекитемин"
мектеп директору:
Исапова Ж.М.

# №87 жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык, административдик жана кенже тейлөөчү персоналды сыйлоо жөнүндө Жобо

## I. Жалпы жобо

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, КРнын «Билим берүү жөнүндө» , «Мугалимдин статусу жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жөнүндө" мыйзамына ылайык №87 жалпы орто билим берүү мектебинин Уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2. Жобо окуу жылы ичинде мектепте эмгектенген педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды сыйлоо тартибин ирээтке келтирүүчү мектептин локалдык актысы болуп эсептелет.

1.3. Бул жобо-нормативдүү документ, мектептин педагогдорун жана көмөкчү персоналдарды сыйлоонун жол-жобосун жана эрежелерин аныктайт.

## II. Максаты жана милдеттери:

2.1. Бишкек шаарындагы . №87 жалпы орто билим берүү мектебинин административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдарынын укуктарын ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;

2.2. Педагогдук жана чарбалык иштердин максаттуу жана натыйжалуу жүргүзүлүүсүн камсыздоо жана эмгек жамаатынын мүчөлөрүнүн милдеттерин так аткарып , ишке карата болгон жоопкерчиликтүү мамилесин арттыруу;

2.3. Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдардын эмгегине татыктуу баа берүү менен аларда эмгектенүүгө болгон мотивациясын жогорулатуу .

**2.4. Милдеттери:**

- Мектептин окутуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуу көрсөткүчтөргө жетишүүсүн, тарбиялануучулардын жашоо-шарттарынын жакшыртылышын камсыз кылуу;
- Мугалим, кенже тейлөөчү персоналдардын иштеги көрсөткүчтөрүнө объективдүү баалоо жүргүзүү;
- Жаш муундарды окутууда жана тарбиялоодо жогорку натыйжаларга жетишкендиги үчүн педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдарды мектептин, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, Свердлов райондук акимиатынын, Бишкек шаардык мэриясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамоталары жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйланууга сунуштоо.

## III. Сыйлоого көрсөтүү убактысы:

- Акыркы коңгуроо;
- Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата ;
- I жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча;
- Мектептеги иш чараларга (мугалим, окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу) активдүү катышуусуна карата;
- Жыл жыйынтыгына карата (педкеңешменин чечимине ылайык жүргүзүлүшү мүмкүн).

## IV. Сыйлоого көрсөтүү тартиби:

- Мугалим, кенже тейлөөчү персоналдардын иштеги көрсөткүчтөрүнө объективдүү баалоо жүргүзүү аркылуу өзгөчө көрсөткүчтөрү үчүн жана алардын эмгек стажысына, жетишкендиктерине жараша ирээттүүлүк тартибинде сыйлоого көргөзүү;
- ***Ардак грамоталар***

-Мектептин;
-Свердлов райондук билим берүү борборунун;
-Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын;
-Бишкек шаардык мэриясынын ж.б;

- **Сыйлоо аралыгы:**

  - Мектепте толук бир жыл иштегенден кийин Ардак грамота менен сыйлоого сунушталат жана андан эки жыл өткөндөн кийин жетишкендиктери үчүн Свердлов райондук билим берүү борборунун жана Свердлов райондук аккимиатынын Ардак грамотасына;

  - үч жылдан кийин Бишкек шаардык Билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасына жана Бишкек шаардык мэриясынын Ардак грамотасына;

  - андан үч жыл өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасына;

  - андан үч жыл өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине;

  - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына сунушталат.

- ***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сыйлыктарына***

  - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасына;

  -Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына.
- Сыйлоонун ар бир баскычында усулдук бирикме тарабынан сыйлоого көргөзүлүүчү талапкерлер профком жыйынында каралып, макулдашылып, педагогикалык жамаатынын жыйналышында жана педагогикалык кеңеште кароого сунушталат .
- Мектептин педагогикалык жамаатынын жыйналышында жана педагогикалык кеңешинде кабыл алынган чечимине ылайык тиешелүү сыйлоо материалдары бекитилген формага ылайык даярдалып, мектептин директорунун сунушунун негизинде сыйлоого көрсөтүлөт.